182

К. Рахматуллин

# Манасчылар

(Биографиялык материалдар)

Фрунзе 1941

ПАПКА
ДЛЯ
БУМАГ

I.

## Manascьlardьn cьgarmacьlьq ~~tvorcestvoluq~~ emgegi

~~MANASCЬLAR KIM?~~

Manascь dep biz qьrqьz elinin uluu eposu "Manastь" çana anьn ulandьsь bolqon "Semetej" menen "Sejtekti" ajtьp beryycy çomoqculardь ajtabьz. Biroq, Manascьlardьn ~~emyr çolun,~~ cьgarmacьlьq ~~tvorcestvoluq~~ emgegin ~~alьp qaraqanьbьzda alardьn emgegi~~ "Manastь" ajtuu menen qana cektelbegin. ~~ekendigin korobyz~~. Bular "Manas" menen qatar başqa baatьrlar epostorun da, novellalьq epostordu da, al qana emes, çalpь qьrqьz el adabijatьna kirgen çee çomoqtordu da ajtьp, el ьrlarьn da ьrdajat ~~p beriset~~. Oşonu menen qatar bulardьn repertuarьnda ezdery cьqarqan ezymdyk ьrlar da bar. ~~Oşentip bular çomoqcu da, çalpь qьrqьzdьn el aqьndarь endenyp, bul manascьlar da çomoq ajtьp, ez ьrlarьn da, eldin ьrlarьn da ьrdap berip, uquuculardь tejleşet.~~ Başqaca ajtsaq ~~bular~~ manascьlar bizdin el aqьndarьbьzdьn bir tyrkymy.

~~Başqaca ajtsaq~~ Bular el ~~azьrqь~~ aqьndarь endenyp, ~~cьqarma berip qana tim boluşpajt.~~ Kabynco ~~Bular~~ ez cьqarmalarьn, ajtbastan birinci kezekte "Manastь" ajtьp ~~beriset~~ bzat. ~~Anь~~ ovonqo salьp, kyy menen ajtьşat. Anь ajtqanda mazmununa çaraşa qьjmьl-araket kersetyşet. "Manastь" çana başqa ~~repertuarlarьn~~ baatьrdьq çomoqtordu ajtqanda ~~bir çerden ekinci çerge barьp~~, kepcylyk çoqulqan çerlerde aş, toj, tamaşalardьn ystyndo ajtьşat ~~ajtьp beriset. Alardь aş, toj, tamaşalarqa çe tim ele ajrьm kişiler ez yjleryne caqьrьp Manastь çana başqa cьqarmalarьn ajttьrьşat.~~ Qьsqasь bular aqьn da, çomoqcu da, ~~ьrcь da, muzikant da~~, aktjer da bolup qьzmat qьlьp kelişken. ~~Azьrqь kynde da bul funktsijalarь byt çojula elek.~~

Manascъlardan, daaqь bir ajьrmasь - alar
ezderyne cejin ajtьlьp kele çatqan dajar cьqarmanь
alьpat, ekinci çaqьnan ezderynyn aqьndьq talantta-
rьna çaraşa anь ezgertyp iştep cьqьşat. Oşontip
bulardьn tvorcestvosu temanьn sjuzetin yjrenyyden
çana ezderynyn cьqarmacьlьqьna tyzylet. Biroq
manascьlar çalaŋ yjrengenyn ezgertyp iştep cь-
quucu qana aqьndar dep qajraqta taq bolbos ele.
Alar Manas eŋdyy eskiden beri ajtьlьp kele çatqan
temalardь iştep cьquu menen qatar, ez zamanalarьna
çana ez talanttarьna çaraşa ez başьnca cьqarma-
larda beriset.

Emi Manascьlardьn emyr çana tvorcestvo
çolunan ajrьm faktьlar alьp, uşul ajtьlqandardь
dalildep kerely.

Manascьlardьn aqьn ekendigin, çe başqaca
ajtqaq cьnьqь manascь boluu ycyn aqьndьq talantь
boluu kerek ekendigin, bolqondo da, bir top zor
talanttuu boluu kerek ekendigin manascьlardьn
qajsьnьsьnьn biografijasьn alsaq da dalildeege
bolot. Maselen, eŋ eski manascьlardan eseptelgen
Balьqtь alalь.

Balьqtьn ezynyn ajtuuna qaraqanda, al "Manastь"
ajta baştaqanqa cejin aqьn bolqon emes eken. Biroq,
"Manastь" ajta baştoo menen birge aqьndьq pajda

bolot. Demek, anьn өzynyn ajtuuna qaraqanda da,
al manascь qana emes, aqьn da bolqon eken. Albette,
manascьlьq menen qatar aqьndьq da pajda boldu, çe
al manascь qana emes, aqьn da bolucu, dep manascьlьq
menen aqьndьqtь bөlyy tuura emes. Biroq bir oшo bolуunun ~~Biroq, oşontip~~
zanьlьq ekendigin dalildөө yçyn ~~bolbmaj~~ azьraaqa bolup
~~bolup, manascьlьqtь aqьndьqqa qoşqoqon adamdar da~~
ajtabьz.
~~bul çe tigil manascьnьn aqьn ekendigin dalildep~~
Bulaq qana emes, daqь
~~beriшet, oşontip~~ bir top manascьlardьn biografijasьn
alsaq, ~~alardaq~~ alarda da manascьlьq menen qatar aqьndьq da
~~pajda~~ bolot. Azьrqь kyndө kөzdөry bar Aqmat, Çaqьbaj
semetejciler da uşundaj ~~bolot. Al emi çalpь manas-~~
~~cьlardьn ajьrmasьn alsaq da, aş-tojlordo çarcь bolup,~~
~~ьrdaşqandьqьn, başqaca ajtqanda manascь qana emes,~~
~~ьrcь da bolqonduqun kөrөbyz. Maselen eq coq manascь-~~
~~lardan eseptelgen Saqьmbaj da aş-tojlordo ьrdap, al~~
~~qana emes, ьrcьlardьn başcьsь bolup kelgenin bilebiz.~~
~~Bular el ьrlarьn da, өz ьrlarьn da ьrdaşqan.~~

Bizge belgilyy eq ataqtuu manascьlardan
Tьnьbek menen Saqьmbajdь alьp qarasaq, bul ekөө ~~kөx~~
ten "Manastь" ajtuudan murda ele aqьn boluşqan.
Saqьmbaj ~~balalьq kezinde~~ balalьq çaqьnda ele, et berbej qojqon bajdь
şьldьqdap ьrdap, egini çaqşь tyşym berbese, aqa arnap
ьrdap çyrgөnyn kөrөbyz. Tьnьbek da "Manastь" ajtuudan
murda ele Tujunaar degen qьzdьn ьrьn ajtьp çyrgөnyn
çana çalpь ьrcь bolqonduqun ajtьşat. Bular "Manastь"
ajta baştaqandan kijin da çalpь aqьndьqtarь toqtop
qalqan emes. Maselen, Saqьmbajdь alsaq, al "Manastь"

eŋ toluq qьlьp, al qana emes, ezynen qoşup, keŋitip, ezgertyp ajtuu menen qatar, tolup çatqan epostuq çanalikalьq ьrlar da ьrdaqaŋ. Qala berse Qalьqul, Arstanbek ondyy aqьndardan ylgy alьp, ezynyn zamanasьn sьnqa aluucu "Zamana" degen poema da tyzgen. Oşontip qajsь qana manascьnь alsaq da, çe "Manastь" ajtuudan murun aqьndьqь bolot, çe "Manastь" ajta baştoo menen qatar, aqa aqьndьq pajda bolot. Qьsqasь al aqьn bolot. Anьn Manastan belek da ezy cьqarqan ьrlarь bolot. Demek, manascьlar-aqьn. Alarda aqьndьq talantь bar.

Bul çerde aqьndьq "Manastь" ajta baştoo menen qatar pajda boldu, degen ~~ceremeldeego~~ toqton otoly. Bul mymkyn iş, biroq munun "Manastьn ~~darьşь~~" menen ec bajlanьşь çoq. Al adamdьn aqьndьq talantь "Manastь" ajta baştaqanqa çejin ele bolqon. Biroq al "Manasqa" ete qьzьqqandьqtan başqa ьrqa keŋyl burbaj, çe çalpь ьrdooqo batьnbaj, çyrgen bolot. Al emi "Manastь" ezdeştyryp ajta baştaqandan kijin ~~başqa ьrlardь da tyzyygo ubaqtь da, batьnьcьlьqь da çete turqandьqь şeksiz.~~ anьn boğolup qalqan aqьndьq talantь ьrqa baştajt.

~~Al emi Manastь ajtuunun ezyn alalьq, bul da eŋ sonun, eŋ coŋ aqьndьq ekendigin korebyz. Biroq, Manastь ajtuudaqь aqьndьqtь, anь yjrenyy protsesin tekşerbej turup tyşynyy qьjьn. Oşonduqtan manascьlar kimden qana qantip yjrengenyn keryp otoly.~~

Manascьlardьn qajsьnьsьn qana alsaq da, al başqa bir ezynen murun etken manascьnь uqqan bolot. Munu alardьn ezdery da tanbajt, biroq ezymden murunqu